Долбоор

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

## Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар жөнүндө кодексине өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу

### 1-берене

Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар жөнүндө кодексине («Эркин-Тоо» гезити, 2021-жылдын 16-ноябры, № 122-123) төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) 17-глава төмөнкүдөй мазмундагы $127^1$-берене жана $127^2$-берене менен толукталсын:

$127^1$-берене. Коомдук жайларда адамдын жана жарандын инсандыгын идентификациялоо

1. Убактылуу эмгек же кызмат иши менен алектенген адамдарды, ошондой эле дипломатиялык статусу бар чет өлкөлүк жарандарды кошпогондо, медициналык көрсөткүчтөр менен шартталган учурлардан тышкары жарандардын коомдук жайларда бетин жабуучу, жарандардын инсандыгын идентификациялоону камсыз кылууга мүмкүндүк бербеген кийимди кийүүсү, -

жеке жактарга 20 эсептик көрсөткүч өлчөмүндө айып пул салууга, же болбосо 30 саатка чейинки мөөнөткө коомдук иштерге тартууга алып келет.

2. Ушул берененин 1-бөлүгүндө каралган, жаза чаралары колдонулгандан кийин кайталап жасалган ошол эле иш-аракет, -

жеке жактарга 40 эсептик көрсөткүч өлчөмүндө айып пул салууга, же болбосо 40 саатка чейинки мөөнөткө коомдук иштерге тартууга алып келет.

$127^2$-берене. Коомдук жайларда узун сакалчан жүрүү

1. Убактылуу жүргөн чет өлкөлүк жарандарды, дипломатиялык статусу бар чет өлкөлүк жарандарды кошпогондо, коомдук жайларда жарандын инсандыгын идентификациялоого мүмкүн болбогон узун сакалчан жүрүү, -

жеке жактарга 20 эсептик көрсөткүч өлчөмүндө айып пул салууга, же болбосо 30 саатка чейинки мөөнөткө коомдук иштерге тартууга алып келет.

2. Ушул берененин 1-бөлүгүндө каралган, жаза чаралары колдонулгандан кийин кайталап жасалган ошол эле иш-аракет, -

жеке жактарга 40 эсептик көрсөткүч өлчөмүндө айып пул салууга, же болбосо 40 саатка чейинки мөөнөткө коомдук иштерге тартууга алып келет.

2) 456-берене «125,» деген цифралардан кийин «127[1], 127[2],» деген цифралар менен толукталсын.

**2-берене**

Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети алты айлык мөөнөттө өзүнүн ченемдик укуктук актыларын ушул Мыйзамга ылайык келтирсин.

**Кыргыз Республикасынын**
**Президенти**